| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ** | **ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

____________________№______

Бишкек ш.
г.Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 30-июлундагы № 612 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Авиациялык коопсуздук маселери боюнча персоналды даярдоо Программасына өзгөртүүлөрдү киргизүү туралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелеринин «Авиациялык коопсуздук» 17-КРАЭ. 20-пунктунун 11-пунктчасына ылайык **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация агенттигинин 2024-жылдын 30-июлундагы №612 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Авиациялык коопсуздук маселери боюнча персоналды даярдоо Программасына төмөндөгү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 26 пункттагы:

а) «бекитилет” деген сөз «макулдашылат» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) «Эскертүү: окуу борборлорунун Авиациялык коопсуздук боюнча окуу комплекстери жарандык авиация органы тарабынан бекитилет» деген сөздөр алынып салынсын;

2) 87 пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“87. Аба кемесинин эксплуатанты экипаж мүчөлөрүнүн авиациялык коопсуздук жол-жоболорун аткарууга практикалык көндүмдөрүн колдонуу боюнча даярдыктан өтүүсүн, билимдерин жана жөндөмдөрүн баалоону камсыздайт. Мындай жол-жоболорго төмөнкүлөр кирет: аба кемелерин коопсуздук максатында кароо (текшерүү, издөө), аба кемесинин бортундагы

адамдарды жана буюмдарды текшерүү жол-жоболору, экипаж мүчөлөрүнүн ортосундагы байланыш жана координация, өзүн-өзү коргоо ыкмалары, коргоо жана басуу каражаттарын колдонуу, аба кемесинин бортуна жайгаштырылуучу адамдарды жана буюмдарды аныктоо ж.б. Бул көндүмдөр экипаж мүчөлөрүнүн ишинде колдонулат.»

3) 7-бөлүмдүн 5-параграфын төмөнкү мазмундагы $87^{1}$, $87^{2}$, $87^{3}$, $87^{4}$ пункттары менен толукталсын:

$87^{1}$. Аба кемелеринин экипаж мүчөлөрүнүн авиациялык коопсуздук жол-жоболорун колдонуу боюнча практикалык тестирлөө аба кемесинин эксплуатантынын авиациялык коопсуздук боюнча инструктору тарабынан өткөрүлүп, тестирлөө натыйжалары жарандык авиация органына маалымдалууга тийиш.

$87^{2}$. Аба кемесинин эксплуатантынын авиациялык коопсуздук боюнча инструктору, экипаж мүчөлөрүнүн авиациялык коопсуздук жол-жоболорун колдонуу боюнча практикалык тестирлөөнү өткөргөндө, тестирлөө жыйынтыктарын тиешелүү каттоодо көрсөтүүгө тийиш.

Каттоо төмөнкү маалыматтарды камтыйт: кызматкердин аты-жөнү, кызмат орду, тестирлөөнүн датасы, башталган жана аяктаган убактысы, тестирлөөнүн жыйынтыктары. Каттоо аба кемесинин эксплуатантынын архивинде сакталат жана жарандык авиация органынын талабы боюнча берилет.

$87^{3}$. Практикалык тестирлөө учурунда авиациялык коопсуздук боюнча ылайыктуу ыкмаларды жана жол-жоболорду колдонгон жана өтүш үчүн минималдуу 70% туура жооп алган адамдын билимин баалоо ийгиликтүү деп эсептелет.

$87^{4}$. Аба кемесинин эксплуатанты авиациялык персоналды ишке тартууга тыюу салынат, эгер:

- экипаж мүчөлөрү үчүн окуу борбору тарабынан берилген авиациялык коопсуздук боюнча сертификаттын мөөнөтү өтүп кеткен болсо;
- аба кемесинин эксплуатантынын даярдык программасын өздөштүрбөгөн жана практикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча өтүш үчүн минималдуу балл албаган болсо;
- экипаж мүчөсүнүн авиациялык коопсуздук боюнча нормаларды, эрежелерди жана жол-жоболорду аткаруу үчүн жетиштүү билимдерге жана көндүмдөргө ээ эместиги, жарандык авиация органы тарабынан аныкталган болсо.»;

4) 103 пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«103. Жарандык авиация органы тарабынан билим деңгээлин баалоого/тестирлөөгө төмөнкү категориядагы адамдар тийиш:

1) авиациялык коопсуздук боюнча инструктор, практикалык даярдоо боюнча инструкторлордон тышкары;

2) авиациялык коопсуздук боюнча штаттык жетекчи, жер үстүндөгү кызмат көрсөтүү жана авиациялык отун менен камсыздоо уюмунда, авиациялык коопсуздук программасын аткарууга жооптуу болгон адам;

3) аба кыймылын башкаруу боюнча персонал;

4) авиациялык коопсуздук чөйрөсүндөгү сапатты көзөмөлдөө боюнча инспектор.»;

5) 183 пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«183. Авиациялык коопсуздук кызматына тиешеси жок кызматкерлерди окутуу программасынын модулдарынын баяндалышы:

1) Модуль: Окутуу курсунун киришүү бөлүгү. Окутуунун максаты: авиациялык коопсуздук жаатында маалымдуулукту жогорулатуу; Жарандык авиацияга болгон коркунучтардын мүнөздөмөсү. Учурдагы коркунучтар жана буга чейин орун алган мыйзамсыз кийлигишүү актылары (МКА). Авиациялык коопсуздук маданияты; Жарандык авиацияда авиациялык коопсуздукту камсыздоонун нормативдик базасы.

Жарандык авиациядагы авиациялык коопсуздукту камсыз кылуунун нормативдик базасы.

Авиациялык коопсуздукту камсыздоонун максаты.

Терроризм тарыхы, идеологиясы, тактикасы, себептери. Кылмыштуу топтордун мүнөздөмөсү жана максаттары. Заманбап терроризмдин негизги өзгөчөлүктөрү. Аба транспортуна карата терроризм.

Жарандык авиация ишмердүүлүгүнө мыйзамсыз кийлигишүү актысынын түшүнүгү.

Кыргыз Республикасындагы жарандык авиациядагы авиациялык коопсуздуктун абалы. Учурдагы кырдаалды талдоо. Акыркы жылдардагы мыйзамсыз кийлигишүү актыларынын анализи.

Жарандык авиацияга болгон коркунучтардын мүнөздөмөсү. Жарандык авиацияны мыйзамсыз кийлигишүү актыларынан коргоого жооптуу уюмдар. Терроризм, жарандык авиацияга мыйзамсыз кийлигишүү актылары тууралуу жалпы маалымат. Авиациялык коопсуздук маданиятын жарандык авияция уюмдарынын ишмердүүлүгүнө ишке ашыруу принциптери.

Кыргыз Республикасындагы жарандык авиациянын авиациялык коопсуздугун камсыздоонун нормативдик-укуктук базасы.

Кыргыз Республикасынын Аба кодекси; Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 17-февралындагы № 87 токтому. Эл аралык жарандык авиация уюмунун (ИКАО) авиациялык коопсуздук боюнча стандарттары жана сунушталган практикасы (негизги жоболор). Эл аралык нормативдик-укуктук актылар. ИКАОнун 17-тиркемеси «Авиациялык коопсуздук».

2) Модуль 2: Жарандык авиация үчүн коркунучтар жана тобокелдик факторлору боюнча инструктаж. Авиациялык коопсуздук талаптарын толук сактабаган учурдагы мүмкүн болгон кесепеттер. Ар бир жарандык авиация уюмунун кызматкеринин мыйзамсыз кийлигишүү актыларынан коргоодогу ролу жана жоопкерчилиги.

3) Модуль 3: Уюмдун мыйзамсыз кийлигишүүгө каршы коргонуу ишиндеги орду жана милдеттери. Коопсуздук инциденттери жөнүндө маалымат берүү механизмдери. Окуялар жөнүндө маалымат берүүдөн кийинки аракеттер жана жоопкерчилик.

4) Модуль 4: Аэропорттун коопсуздугу:

- аэропорттордун коопсуздугун камсыздоонун максаты жана уюштуруу процесси;

Өткөрүү режими жана объект ичиндеги режимдин талаптары.

- аэропорттук өткөрмөлөрдү туура эмес пайдалануу жана башка коопсуздук эрежелерин бузуу үчүн жаза чаралары.

Көзөмөлдөнбөгөн зонадагы коопсуздук. Укук коргоо органдарынын, аэропорттун авиациялык коопсуздук кызматынын, авиациялык мекеменин жана эксплуатанттын негизги функциялары. Аэропорттун башка кызматтары, укук коргоо органдары, чек ара, бажы жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара кызматташуусу. Көзөмөлдөлүчү аймактагы коопсуздук чаралары жана ал жерлерде жайгашкан жарандык авиация объекттеринин коопсуздугун камсыздоо, жүргүнчүлөрдү, экипаж мүчөлөрүн, кызматкерлерди, кол жүгүн, багажды, жүктү, почтаны жана борттук камсыздоону текшерүү тутуму.

Аэропорттордо, авиациялык мекемелерде жана эксплуатанттарда колдонулуучу текшерүүчү техникалык каражаттар. Авиациялык коопсуздук үчүн колдонулуучу техникалык каражаттар: Видео көзөмөл, сигнализация, эскертүү системалары, байланыш жана кыймылдоону көзөмөлдөө каражаттары. Көзөмөлдөгү аймакка кирүүнү көзөмөлдөө.

Байланыш каражаттарын колдонуу эрежелери. Байланыш жана эскертүү схемасы. Тыюу салынган буюмдар жана заттар. Транспорттук каражаттарды текшерүү жол-жоболору. Инженердик-техникалык коопсуздук каражаттары. Өткөрүү режими жана объект ичиндеги режимдин талаптары. Көзөмөлдөгү зоналарды коргоону уюштуруу.

5) Модуль 5: Уюмдун коопсуздук маданиятын жогорулатууда ар бир кызматкердин ролун аныктоо.

Аба кемесинин коопсуздугу. Кирүүнү көзөмөлдөө, патрулдоо, байкоо жүргүзүү жана учактарды коргоону уюштуруу.

6) Модуль 6: Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматтар менен иштөөнүн туура тартиби.

Жардыруучу түзүлүштөр, жарылуучу заттар, курал-жарак жана ок-дарылар жөнүндө негизги маалыматтар. Жардыруучу түзүлүштөр жана алардын элементтери. Жарылуучу, өрттөөчү жана ууландыруучу заттар. Ок атуучу, газ, пневматикалык жана муздак курал түрлөрү.

Жарандык авиация жүргүнчүлөрүнө жана экипаж мүчөлөрүнө ташууга тыюу салынган кооптуу заттар жана буюмдардын тизмеси.

Жардыруучу түзүлүштөрдү, пиротехникалык жана өрттөөчү каражаттарды, ууландыруучу заттарды жана курал-жаракты аныктоо ыкмалары.

7) Модуль 7: Шектүү буюм же адам табылган учурда аткарыла турган иш-аракеттер. Жарандык авиация ишмердүүлүгүнө коркунуч жараткан билдирүү алынса, жасалуучу аракеттер. Коркунуч жаралган жана өзгөчө кырдаал пайда болгон учурда иш-аракеттер (шектүү аракеттерди аныктоо).

Маалымат алмашуу механизмдери боюнча инструктаж.

Аэропортто коркунуч жаралган жана өзгөчө кырдаал чыккан учурда жооп

чаралары. Террористтик акт коркунучу, шектүү буюмдун, жардыруучу түзүлүштүн, жарылуучу заттардын, курал-жарактын жана ок-дарылардын аэропортто, авиациялык мекемеде же эксплуатанттын аймагында табылган учурда персоналдын иш-аракеттери.

Аэропорттун, авиациялык мекеменин, эксплуатанттын кызматтарынын укук коргоо органдары жана башка мамлекеттик органдар менен өзгөчө кырдаалды жөнгө салуудагы өз ара кызматташусу.

2. Авиациялык коопсуздук бөлүмү бул буйрукту бардык кызыкчылыгы бар уюмдарга жеткирсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун басары К.Т. Төлөгөновго жүктөлсүн.

---

**О внесении изменений в Программу подготовки персонала по вопросам авиационной безопасности Кыргызской Республики, утвержденную приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 30 июля 2024 года № 612**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 03 марта 2023 года № 115 «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления», подпункта 11 пункта 20 Авиационных правил Кыргызской Республики «АПКР 17. Авиационная безопасность», утвержденных приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 24 ноября 2022 года № 787, **приказываю:**

1. Внести в Программу подготовки персонала по вопросам авиационной безопасности Кыргызской Республики, утвержденную приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 30 июля 2024 года № 612 следующие изменения:

1) в пункте 26:

а) слово «утверждается» заменить словом «согласовывается»;

б) слова «Примечание: УКАБ учебных центров утверждается органом гражданской авиации» исключить;

2) пункт 87 изложить в следующей редакции:

«87. Эксплуатант воздушного судна обеспечивает прохождение членами экипажа воздушных судов подготовки, оценки знаний и умений в применении практических навыков по осуществлению процедур авиационной безопасности, таких как осмотр (проверка, обыск) воздушных судов в целях безопасности, процедуры досмотра лиц и предметов на борту воздушного судна, связь и координация между членами экипажа, методы самообороны и применение

средств защиты и усмирения, идентификации лиц и предметов, помещаемых на борту воздушного судна и пр., которые они будут применять в работе.»;

3) параграф 5 Главы 7 дополнить пунктами $87^1$, $87^2$, $87^3$, $87^4$ следующего содержания:

«$87^1$. Практическое тестирование членов экипажа воздушных судов по применению ими процедур авиационной безопасности проводится инструктором по авиационной безопасности эксплуатанта воздушного судна с обязательным доведением результатов этого тестирования до органа гражданской авиации.

$87^2$. Инструктор по авиационной безопасности эксплуатанта воздушного судна, проводивший практическое тестирование членов экипажа воздушных судов по применению процедур авиационной безопасности отображает итоги тестирования в соответствующей ведомости.

Ведомость содержит следующую информацию: Ф.И.О. работника, должность, дату, время начала и время окончания тестирования, итоговые баллы тестирования. Ведомость хранится в делах эксплуатанта воздушного судна и предоставляется органу гражданской авиации по запросу.

$87^3$. Лицу, продемонстрировавшему в ходе проведения практического тестирования применение надлежащих методов и процедур авиационной безопасности, и набравшему при этом проходной балл, составляющий не менее 70% правильных ответов, оценка знаний считается успешной.

$87^4$. Эксплуатанту воздушного судна запрещается допускать к работе авиационный персонал в случае:

- истечения срока действия сертификата для членов экипажа по авиационной безопасности, выдаваемого учебным центром;

- не усвоивших программу подготовки эксплуатанта воздушного судна и не не набравших проходной балл по итогам сдачи практического тестирования;

- в случае установления фактов недостаточного уровня владения соответствующими знаниями и навыками выполнения членом экипажа норм, правил и процедур авиационной безопасности, выявленных органом гражданской авиации.»;

4) пункт 103 изложить в следующей редакции:

«103. Оценке знаний/тестированию в органе гражданской авиации подлежат следующие категории лиц:

1) инструктор по авиационной безопасности, за исключением инструкторов по практической подготовке персонала;

2) штатный руководитель по авиационной безопасности организации по наземному обслуживанию, авиатопливообеспечению, который несет ответственность за выполнение программы авиационной безопасности;

3) персонал, осуществляющий управление воздушным движением;

4) инспектор по контролю качества в сфере авиационной безопасности.»;

5) пункт 183 изложить в следующей редакции:

«183. Описание модулей программы подготовки персонала, не относящегося к службе авиационной безопасности:

1) Модуль 1: Введение в курс обучения. Цель обучения по повышению осведомленности в сфере безопасности; Характер угрозы гражданской авиации. Имевшие место акта незаконного вмешательства и актуальные угрозы. Культура авиационной безопасности. Нормативная база обеспечения авиационной безопасности в гражданской авиации.

Цель обеспечения авиационной безопасности.

История терроризма, идеология, тактика, причины; характеристика и цели преступников. Основные особенности современного терроризма, терроризм на воздушном транспорте.

Понятие акта незаконного вмешательства в деятельность гражданской авиации.

Состояние авиационной безопасности в гражданской авиации Кыргызской Республики. Анализ актов незаконного вмешательства в деятельность гражданской авиации за последние годы.

Характер угрозы гражданской авиации. Организации, которые отвечают за защиту гражданской авиации от актов незаконных вмешательств. Общие сведения о терроризме, актах незаконного вмешательства в деятельность гражданской авиации. Принципы внедрения культуры авиационной безопасности в деятельность организации гражданской авиации;

Нормативная правовая база обеспечения авиационной безопасности в гражданской авиации Кыргызской Республики.

Воздушный кодекс Кыргызской Республики, Уголовный кодекс Кыргызской Республики, Постановление Правительства Кыргызской Республики от 17 февраля 1999 года № 87. Стандарты и Рекомендуемая практика Международной организации гражданской авиации (ИКАО) по авиационной безопасности (основы).

Международные нормативно правовые акты. Приложение 17 «Авиационная безопасность»;

2) Модуль 2: Инструктаж по угрозам и факторам риска для гражданской авиации и потенциальным последствиям в случае неполного соблюдения требований по безопасности или попустительства. Роль каждого сотрудника авиапредприятия для защиты гражданской авиации от актов незаконных вмешательств;

3) Модуль 3: Определение роли, которая отводится данной организации в деле защиты от актов незаконного вмешательства. Порядок работы механизмов представления данных о происшествиях (т. е. системы представления данных на основе культуры справедливых отношений) и последующие действия.

4) Модуль 4: Безопасность аэропорта:

- цель и организация процесса обеспечения безопасности аэропортов;

Требования пропускного и внутриобъектового режима.

- наказания за ненадлежащее поведение и действия (например, неправомерное использование пропусков в аэропорту).

Безопасность в неконтролируемой зоне. Организация, основные функции правоохранительных органов, службы авиационной безопасности аэропорта,

авиапредприятия, эксплуатанта, ее взаимодействие с другими службами аэропорта, с правоохранительными, пограничными, таможенными и иными органами исполнительной власти. Меры безопасности на контролируемой территории аэропорта и расположенных на ней объектов гражданской авиации, система досмотра пассажиров, членов экипажей воздушных судов, обслуживающего персонала, ручной клади, багажа, груза, почты и бортприпасов. Технические средства досмотра, применяемые в аэропортах, авиапредприятии и эксплуатантами.

Технические средства, используемые в целях обеспечения авиационной безопасности (видеонаблюдение, сигнализации, оповещения, связи, передвижения). Методы несения охраны. Взаимодействие подразделения охраны со службой авиационной безопасности аэропорта (авиакомпании). Контролирование доступа в охраняемые зоны.

Правила пользования средствами связи. Схема связи и оповещения. Запрещенные предметы и вещества. Процедуры проверки транспортных средств. Инженерно-технические средства охраны. Требования пропускного и внутриобъектового режима. Организация охраны контролируемых зон;

5) Модуль 5: Определение роли каждого сотрудника в повышении уровня культуры обеспечения безопасности данной организации.

Безопасность воздушного судна. Организация контроля доступа, патрулирования, наблюдения и охраны воздушных судов,

6) Модуль 6: Надлежащий порядок обращения с конфиденциальной информацией по авиационной безопасности.

Основные данные о взрывных устройствах, взрывчатых веществах, оружии, боеприпасах. Взрывные устройства и их элементы. Взрывчатые, зажигательные и отравляющие вещества. Огнестрельное, газовое, пневматическое, холодное оружие.

Перечень опасных веществ и предметов, запрещенных пассажирам и членам экипажей к перевозке пассажирскими воздушными судами.

Способы выявления взрывных устройств, пиротехнических и зажигательных средств, отравляющих веществ, оружия.

7) Модуль 7: Действия при обнаружении подозрительного предмета или лица. Действия при получении сообщения, ставящего под угрозу деятельность гражданской авиации. Действия при угрозе и возникновении чрезвычайных ситуаций в организации (выявление действий, которые можно отнести к подозрительным).

Инструктаж по работе механизмов обмена информацией.

Ответные действия при угрозе и возникновении чрезвычайных ситуаций в аэропорту. Порядок действий персонала при угрозе террористического акта, обнаружении подозрительного предмета, взрывного устройства, взрывчатых веществ, оружия и боеприпасов в аэропорту, авиапредприятии, у эксплуатанта.

Взаимодействие служб аэропорта, авиапредприятия, эксплуатанта с правоохранительными органами и иными органами исполнительной власти при урегулировании чрезвычайной обстановки в аэропорту.».

2. Отделу авиационной безопасности довести настоящий приказ до всех заинтересованных лиц.

3. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора К.Т. Төлөгөнова.

**Директордун милдетин**
**убактылуу аткаруучу** **Д.К. Бостонов**

Визалар:

Директордун орун басары К.Т. Төлөгөнов

УжККБнын башчысы Б.А. Джумалиев

СМжУКБСБтын башчысы Н.Т. Турумбеков

АКБнын башчысы М.Т. Кашкариев

Аткаруучу:

АКБнын башкы инспектору А.З. Касымалиев